Түргөнбаева А. А.

*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# Т. КОЖОМБЕРДИЕВДИН ПОЭЗИЯСЫНДАГЫ СЫРДЫК СӨЗДӨРДҮН ТАБИЯТЫ

Тил сүйлөөчүнүн оюн туюнтуучу жана түзүүчү гана каражат болуп саналбайт. Ал аркылуу адамдын ички сезимдери, көңүл абалдары да угуучуга ой менен кошо чагылат. Тилдин бул өзгөчөлүгүн эмоционалдуу – экспресс-сивдүү сөздөрдүн бир түрү болгон сырдык сөздөр аркылуу туюндурсак болот.

Сырдык сөздөр кыргыз тил илиминде грамматикалык аспектиде атайын изилдөөгө алынып, бир топ эмгектер жарык көргөн. Алардын арасынан окумуштуу С. Иманалиевдин эмгеги өзгөчө баса белгилөөгө татыктуу [6].

Сырдык жана тууранды сөздөр сүйлөшүү кебинин лексикалык бирдигин түзөт [4]. Бул жөнүндө өзбек окумуштуусу Б. Уринбоев: «Адабий тилде да, сүйлөшүү кебинде да маани берүүчү сөз түркүмдөрү, кызматчы сөздөр, сырдык сөздөр жана тууранды сөздөр бар», - деп белгилеп, тууранды жана сырдык сөздөрдү адабий тилдин гана эмес, сүйлөшүү кебинин да лексико – грамматикалык категориясын түзөрүн жана эмоционалдуулукту билдирүүнүн лексикалык каражаты экендигин белгилейт.

Сырдык сөздөр «сүйлөөчүнүн ички сезими же эрктик мамилесин билдирүүчү өзгөчө бир речтик белги болуп эсептелет. Сырдык сөздүн кандай мааниде колдонулгандыгы, айрыкча, оозеки речте белгилүү бир интонация менен же жандалып кошо айтылганда түшүнүктүү болот. Сырдык сөздөр адамдын речине эмоциялуу түс берип, сүйлөөчүнүн чындыкка болгон мамилесин көрсөтөт» [10]. Бул белгилери сырдык сөздү стилистикалык жактан башка сөз түркүмдөрүнөн ажыраткан бир белги катары каралат.

Сырдык сөздөрдүн стилистикасын биринчи жолу окумуштуу С. И. Имана-лиев изилдеп, анда «илимий публицис-тикалык мүнөздөгү чыгармаларга караганда сырдык сөздөр көркөм адабий чыгармаларда өтө кеңири колдонулат» [6], - деп туура тыянак чыгарган.

Тилдик фактыларга ылайык, кепте колдонулган сырдык сөздөр маанисине карай үч топко бөлүнөт:

1) сезимди билдирүүчү (эмоционал-дык) сырдык сөздөр;

2) эрктик мамилени билдирүүчү сырдык сөздөр;

3) турмуштук мамилени билдирүүчү сырдык сөздөр.

Сүйлөөчү (субъект) белгилүү эмо-циялык абалда туруп, кырдаалды, кыймыл – аракетти, окуяны ж.б. аңгемелешүүчүгө өзүнүн оң же терс мамилеси аркылуу билдирет.

Сүйлөөчүлөрдүн кебинде колдонул-ган оң эмоционалдык сырдык сөздөр төмөнкүдөй маанилерди билдирет:

1. Кубануу, таңдануу, ыраазы болуу, суктануу: **бах, чиркин, ах, ох, охо, ай–и-и-й, пай-пай, кудайга шүгүр ж.б.**

2. Кубаттоо, алкоо, мактоо**: бали, баракелде, жаша, бау, азамат ж.б.**

3. Эске түшүрүү, эстөө, табуу**: а-а, и-и ж.б.**

4. Кайрылуу, урматтоо: **о, садага, каралдым, ай // эй ж.б.**

5. Чакырыкка жооп маанисинде: **я, а, и, ой, ы  ж.б.**

6. Эркелетүү: **садага болоюн** ж.б.

Сүйлөөчүнүн окуя көрүнүшкө, тың-доочунун аракетине, сөзүнө карата терс мамилесин билдирген терс эмоционал-дык сырдык сөздөр төмөнкүдөй маанилерди туюндурат:

1. Наразы болуу, өкүнүү, кейүү, кайгыруу: **алда //олда, кап, ий, катыгүн, аттигинай // аттигиниң //атаганат, атаны арман, атаны кокуй, алат күн, кокуй алат ж.б.**

2. Чарчоо, жадоо: **ох // өх, уф, и-ий ж.б.**

3. Коркуу, чочуу: **кокуй, ойбой, калакай, бай-бай, йа-а-а-алда, ой, түй ата, апей // омей, я ж.б.**

4. Жийиркенүү, уялуу: **апий, ий ж.б.**

5. Таң калуу: **о-уу, ой-тобо, капырай, ботом, айланайын, ийе ж.б.**

6. Жактырбоо, жемелөө, ачуулануу, жек көрүү: **ок, кудай алгыр, түгөнгүр, жолуң болгур ж.б.**

7. Мыскылдоо, шылдыңдоо: **о-оо, ох-хо, айрөк ж.б.**

8. Чочулоо: **кокуй, я ж.б.**

9. Кекетүү: **и-и ж.б.**

Эмоционалдык сырдык сөздөр мааниси жагынан бирдей эмес, ошондуктан, бир эле сырдык сөз сүйлөөчүнүн максатына, абалына карата басымдын жардамы менен ар түрдүү контекстте ар кандай маанилерде колдонула берет. Бул жерден биз «кыргыз тилинде көп маанилүү сырдык сөздөр арбын» [10] – деген тыянакка келебиз. Аларды кээ бир адабияттарда туруксуз сырдык сөз деп дагы аталып жүргөндөрдү кезиктиребиз [6]. Бирок, туруксуз сырдык сөз деген терминге караганда көп маанилүү деген термин туура келет.

Кыргыз тилиндеги бардык эле сырдык сөздөр көп маанилүү эмес. Айрым сырдык сөздөр бир эле мааниге ээ. Алар анча деле көп эмес: «**Кап,** кайдан айттым эле», - деп өкүндү Калыйма! (К. Ж.). **Ботом,** келдиңби ? – деп ордунан секирип турду. **Аттиң!** – Жаштык-тыктын өтүп баратканын карачы ж.б.

Сүйлөөчүнүн речи кимди көздөй айтылганына жараша эрктик мамилени билдирүүчү сырдык сөздөр адамга жана айбанга карата айтылуучу болуп өз ара экиге бөлүнөт.

1. **Адамдарга карата айтылуучу сырдык сөздөр**: чакыруу талап кылуу, буйруу, токтотуу, бир нерсеге тыюу салуу, тактоо жана жаш балдарга карата эркелетүү, кубаттоо, сооротуу үчүн колдонулат. Бирок, мындай сырдык сөз-дөр анча көп эмес.

**Тек** – *тынч отур* (кандайдыр бир жакпаган ишти иштөөгө тыюу салуу маанисинде колдонулат): **Тек,** көп сүйлөбөй тынч отургула.

**Оозуңа таш, ок** сырдык сөздөрү жаман кабар же жагымсыз сөз айткан кишиге карата зекүү иретинде жумшалат: Оозуңа таш, антип айтпа!

**Алдей–алдей** сырдык сөзү – бала сооротондо бешик ырында айтылуучу сөз. **Алдей-алдей**, ак бөпөм, Ак бешикке жат бөпөм ж.б.

Кыргыз тил илиминдеги көпчүлүк эмгектерде адамдардын айбанаттарга карата болгон эрктик мамилесин билдирүүчү сырдык сөздөр гана каралып, канаттууларга болгон эрктик мамиле жөнүндө маалыматтар жок. Бирок алардагы мисалдарда канат-тууларга карата сүйлөөчүнүн түрдүү мамилесине ылайык сөздөр камтылган [4].

Чындыгында, адамдар айбанаттар менен гана эмес, канаттуулар менен да түрдүү мамиледе болот.

Сүйлөшүү кебинде колдонулган эрктик мамилени билдирүүчү сырдык сөздөр төмөнкүдөй болуп бөлүнөт:

1. Айбандарды жана канаттууларды чакыруу жана үндөө үчүн колдонулган сырдык сөздөр: **тү-тү //түтү-түтү, кыруу-кыруу, түшөй-түшөй, кырой-кырой, хов-хов, чүчү-чүчү, күчү-күчү** ж.б.

2. Айбандарды жана канаттууларды айдоо, бастыруу, чочутуу, кайыруу максатында айтылган сырдык сөздөр**: пыш //мыш, түт, күш, хы, чү-чү, чиге, чек, кош, өш** ж.б.

Айбандарды айдоодо, чочутууда буйрук этиштер да сырдык сөз катары колдонулган учурлар кездешет. Мисалы, итти айдоодо, чочутууда **кет, тур, чык, бас** сыяктуу сөздөр колдонулат.

3. Айбандарга жана канаттууларга шыкак берүү, тукуруу максатында колдонулган сырдык сөздөр. Мындай сырдык сөздөр көпчүлүк учурда мергенчилердин жана аң уулоочулардын кебинде колдонулат. Мисалы, **айт, айдак // айдайт, ал, ала күш** ж.б.

4. Айбанаттардын жана канаттуулар-дын кыймыл – аракеттерин токтотуу, жоошутуу максатында колдонулган сырдык сөздөр. Мындай сырдык сөздөр көп эмес. Алсак, **тырр, так, чүш, чөк-чөк, ха-а-ай** ж.б.

5. Айбандарга жана канаттууларга карата каргоо максатында жумшалган сырдык сөздөр: **кара өпкө алгыр, түйнөк болгур, какач алгыр, жайрагыр, жаталак болгур, карасан болгур, күл болгур, өлөт алгыр** ж.б. Бул сырдык сөздөр зат атоочко **ал, бол** деген буйрук этиштин жана ошол этишке **–гыр** мүчөсүнүн жалгануусу аркылуу жасалды.

Сүйлөшүү кебинде өзгөчө турмуш - тиричиликте колдонулуучу сырдык сөздөр арбын. Анткени адамдар бири – бири менен такай байланыш түзүп, кептик этикеттин формулаларын урунушат [4]. Окумуштуу О. Чарыярова белгилегендей, кептик этикет - сылыктыкты билдирүүдө колдонулган сөз же сөз айкашы. Алар учурашууда, коштошууда, ыраазылыкты билдирүүдө, кечирим суроодо жана бирөөгө кайрылганда жумшалат. Мисалы, **саламатсызбы, ыракмат, жолуң шыдыр болсун, куш бооңор бек болсун, көшөгөңөр көгөрсүн, бешик бооңор бек болсун** ж.б.

Бул топтогу сырдык сөздөр  сүйлөөчүнүн ойду туюнтуу максатына ылайык өтмө мааниде да жумшалып, эмоционалдуу – экспрессивдүү боёкко ээ болот.

Сырдык сөздөрдү көркөм чыгарма-ларда колдонууда автордук зор чебер-чилик керек. Мына ушул чеберчиликти биз иликке ала турган, бийик таланты, өз үнү менен поэзия дүйнөсүнө келген акын Т. Кожомбердиевдин чыгармачы-лыгынан мисал келтирүү менен талдап көрсөк:

«Көмөч ысык. **Оф! Фу!** Кантем, **калакай**!

Коломтого топтой ыргып малакай»

(Апам жана коломто).

Бул ыр саптарында эки башка сырдык сөз синтаксистик бир конструкцияда колдонулуп, сүйлөөчүнүн ички сезимине түс берип турат.

Ал эми «Тагдырга өтүнүч» жана «Турмуш ыргагы», «Кара булут, ак булут» деген ыр саптарындагы **о** сырдык сөзү сүйлөөчүнүн бирөөгө же бир нерсеге кайрылуу, урматтоо мамилесин билдирип турат:

«Опсунуп суранбаймын бүтүнүнөн…

**О**, тагдыр берип койчу күкүмүнөн».

(Тагдырга өкүнүч);

«Ошондо колдогон

**О**, жаркын үмүтүм»!

(Турмуш ыргагы);

«**О**, ак булут окшоп кудум эбелек

Ой–тоолорго жамгыр берген себелеп».

(Кара булут, ак булут).

Ошондой эле,

«Ушул тоонун сулуусу **ай!**

Ушул түндүн жылуусу **ай!**»

(Түлкү жана май)

деген ыр саптарындагы **ай** сырдык сөзү сүйлөөчүнүн ички сезиминдеги тоого, айга болгон суктануусун, ыраазы болуусун билдирүү менен текстке экспрессивдүлүктү берди.

Сүйлөшүү кебиндеги сырдык сөздөр сүйлөөчүлөрдүн кебинин эмоцио-налдуу–экспрессивдүүлүгүн арттыруу максатында да колдонулуп, кептин көркөмдүүлүгүн күчөтөт. Мисалы,

«Жаңы тамды салгандар

**Жашасын** шаттуу, өлбөсүн».

(Жаңы үй алгандарга өтүнүч);

«**Эх**! ким жамандады экен

Эң мыкты кулунун тоонун».

(Арыз);

«Аялы да чыкты эшикке мындай деп:

Термете тур, **садагасы** Саякты».

(Нөшөрлүү түн);

«**Ой**, көрдүк, анан күлкүнү

Булгалап өйдө куйрукту,

Жаадырып кирди буйрукту».

(Бир күндүк чоң).

Ыр саптарында көрсөтүлгөн сырдык сөздөр кубаттагандагы, кейигендеги, эркелеткендеги, жактырбагандагы жана какшыктагандагы эмоционалдык мами-лени билдирүү максаттарында колдонулду.

Сүйлөөчү оң же терс эмоционалдуу – экспрессивдүү маанисин күчөтүү максатында өзгөчө басым менен эмоционалдык сырдык сөздөгү үндүү тыбыштарды созуп же **бали, баракелде** сөздөрүнөн мурда **«а», «ап», «оп»** тыбыштык курамдарды **басым** менен айтышы мүмкүн:

«**Ап бали**, жаша, ура! – деп,

Алкыш. Аябай колдор чабылды».

(Жок жоголду)

Сырдык сөздөргө анык жана так туюнтулган эмоционалдуу – экспресс-сивдүү боөк мүнөздүү. Ошондуктан алар пикир алышуунун белгилүү бир кырдаалында колдонулушу боюнча чектелет. Мисалы сезимдик сырдык сөздөр сүйлөөчүнүн ички сезимин так билдирет. Анын бул сапаты аларды сүйлөөчүнүн угуучуга карата билдирмек болгон сезимин туюнтууда биринчи планга коюлат, башкача айтканда, ал сырдык сөздөр алмаштырылып колдо-нууга жараксыз болот [2].

Т. Кожомбердиев көпчүлүк чыгарма-ларында сырдык сөздөрдү колдонгондо жогоруда окумуштуу Т. Аширбаев белгилеп кеткендей, сүйлөөчүнүн сезимин туюнтууну биринчи планга коюу менен сырдык сөздөрдү өз орду, өз мааниси менен колдонгон. Ошонун натыйжасында сырдык сөздөр сүйлөөчүнүн ички сезимин так билдирип, чыгарманын стилине өзүнчө бир кайталангыс көркөмдүктү, ачыктыкты жана жандуулукту берип турат.

Демек, сүйлөшүү кебинде колдо-нулган сырдык сөздөрдү талдоо аркылуу төмөнкүдөй жыйынтыктарды чыгарууга болот:

- эмоционалдык сырдык сөздөр маани жактан туруксуз, ошондуктан көп маанилүү болушат;

- морфологиялык жактан сырдык сөздөр мүчөлөр аркылуу жасалбайт, бирок айрым буйрук этиштер аркылуу айбанаттарга жана канаттууларга карата колдонулган сырдык сөздөр жасалат;

- турмуш – тиричиликте колдонулган сырдык сөздөр адамдын кеп мадания-тынын деңгээлин көрсөтөт;

- акын Т. Кожомбердиевдин чыгар-маларында көпчүлүгү эрктик (эмоциялык) сырдык сөздөр көбүрөөк кездешет;

- сырдык сөздөр чыгармаларда колдо-нулуу менен, акындын поэзиясына эмоционалдык түс берип турат;

- акындын чыгармаларындагы кезиккен бардык сырдык сөздөр кептик кырдаалга ылайык жана орундуу колдонулган.

**Адабияттар**

1. Абдуллаев Э., Давлетов С. Кыргыз тили. – Ф.: Мектеп, 1986.

2. Ашырбаев Т. Кыргыз тилинин стилистикасы: морфологиялык жана синтаксистик стилистика. 3–китеп. – Бишкек, 2001.

3. Гапарова Ч. Кыргыз тилиндеги карапайым сөздөр. – Ош, 2005.

4. Гапарова Ч. Кыргыз тилиндеги сүйлөшүү кебинин лексикасы: Филол. илимд. канд. ил. дараж. алуу үчүн жаз. дисс. - Бишкек, 2006.

5. Давлетов С., Кудайбергенов С. Азыркы кыргыз тили. Морфология.- Ф.: Мектеп, 1980.

6. Иманалиев С. Кыргыз тилиндеги сырдык сөздөр. – Ф.: Мектеп, 1969.

7. Кожомбердиев Т. Нурлуу Терезе. – Ф.: Мектеп, 1975.

8. Кожомбердиев Т. Көл толкуну. – Ф.: Мектеп, 1988.

9. Кожомбердиев Т. От өчпөгөн коломто. – Бишкек, 1992.

10. Кыргыз адабий тилинин грамматикасы. Морфология. //Редактор-лор Б. Орузбаева, С. Кудайбергенов. – Ф.: Кырг. мамл. окуу–пед. басмасы, 1964.